КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРОЗБЕКОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезектеги жыйырма биринчи сессиясы**

Орозбеков айылы 2023-жылдын 25-сентябры

**ТОКТОМ № 134**

**Орозбеков айыл аймагынын 2023-2024-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдыгы жөнүндө**

Орозбеков айыл аймагынын күз-кыш мезгилине даярдыгы боюнча Орозбеков айыл өкмөтүнүн башчысы З.Н. Максутовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Орозбеков айыл аймагында күз-кышка даярдык көрүү үчүн тургундарды сапаттуу көмүр менен камсыздоо, айылдарда көмүр сакталуучу топ базаларды ачуу менен көмүр сатуучу ишканалар менен келишимдерди түзүү жана көмүр ташып алып келүүнү тездетүү жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

2. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен айыл аймактагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү көмүр менен камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн тиешелүү адистерине милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **О.Ибрагимов**